Асан Жакшылык-нур

# Билесиңби өзүңдү?



Асан Жакшылык-нур

# Билесиңби өзүңдү



**Сүрөтчүсү**
Зарема Мидинова

49400-46

**“Кутаалам”**
Бишкек – 2010

Инв. № 2891

УДК 821.51-93
ББК 83.8
Ж-23

**Редактор:** Алтынай Жакшылыкова

**Китептин чыгуусуна көмөк көрсөткөн О.А.Садыровго ыраазычылык билдиребиз.**

Жакшылыков Асан
Ж-23. Билесиңби озүңдү/сүротчүсү. Б.: “Кутаалам”2010.-б.60

ISBN978-9967-26-061-0

Кыргыз Республикасынын эл акыны, дүйнөлүк акындар Конгрессинин мүчөсү Асан Жакшылыков көп жанрда иштеген дасыккан талант. Анын балдар үчүн “Жайлоодо”, “Жазгы байыр” сыяктуу китептери совет доорунда эле жарыкка чыккан. А.Жакшылыковдун көптөгөн чыгармалары “Кыргыз балдар адабиятынын а\нтологиясына” киргизилген. Балдар үчүн жазылган ырларына обондор чыгарылган. “Апрельский дождь” жыйнагындагы ырлары “Детская литература” Москва ш. (Россия) басмасынан жарык көргон.

А.Жакшылыковдун “Билесиңби өзүңдү” жаңы жыйнагына соңку жазылган жаңы ырлары, котормосу киргизилди. Бул ырларында автор балдарды өзүн өзү аңдоого, тарбиялоого, айлана чөйрөсүн байкоого, соз байлыгын остүрүүгө, кичинесинен жеткинчектердин эстүү адам болуп жетилүүсүнө көңүл бурат.

Ж 4803300200-10 УДК 821.51-93
ISBN 978-9967-26-061-0 ББК 83.8

© Асан Жакшылыков, 2010





# ТААНЫШУУ

- Эржигитмин! А сенчи?
- А мен сөзмөр Аалымын.
Айткан кепти түшүнүп
айланамды тааныдым.
Таанышалы – Аалымын!
Атам айтат уулумдун
«көзү», «тиши», «кашы» бар;
«колу», «буту», «чачы» бар.
Ар нерсенин өзүнчө
атап айткан - Аты бар.
Атам мактайт уулумдун
Ар бир сөздү түшүнгөн
акыл-эстүү «башы» бар.





# АПАМ ЖАКШЫ БААРЫНАН

Эң биринчи маа жакын
жакшы көрөм апамды.
Тамак ич деп ойготот,
тамашалап ойнотот;
ыйлап койсом сооротот,
ырдап койсом сүйүнүп,
бузуп койсом оңдошот.
Кайда жүрсөм көз салып
келе калат жүгүрүп;
дароо жазып жапамды.

# ТЫРМАГЫМА АРДАНЫП

«Тырмагым, ай тырмагым!»
көпкө көңүл бурбадым.
Тырмагымдын астына
кирди качан жыйнадым?
Кир көбөйүп кеткенде,
«быкый бала» дешкенде
«тырмагыма» арданып
ызаланып ыйладым;
кычышканда тырмадым…

Апакемди кыйнадым.
Сууга көңүл бурбадым.
Бирок сууга жакпаптыр
быкый болуп турганым.
Апам сууга салганда,
айай болуп калганда
тырмагымды алганда
«таза бала» экен деп
көрүп мени макташты
ойногону барганда.





# БАЛБАН

Кумурска, кумурска,
шашып барат жумушка.
Далай ишти бүтүрдү, -
балдар карап турушса.

Өзүнөн да чоң жүктү
келе жатат көтөрүп.
Өжөрлүгүн кое кал,
болоор эмес, көшөрүп.



Уюгуна жеткирип,
кайра артына жөнөдү.
Аны күтүп жаткандай,
артта калган өнөгү.

Күчүн санап  Сабырбек,
Максат менен Талантты,
көтөрө албай тамтаңдап,
араң кетип баратты.

“Түшкүлө деп байкелер” –
өзү кайра жалбарды.
“Кумурскача жоксуң” – деп,
Максат айтса арданды...

...Булчуңдарын чыңалтты,
машыгууну улантты.
Экөөн бирдей көтөрүп
курбуларын кубантты.

# АКМАТБЕКТИН ЖОСУНУ

Машийнеси көп туруп:
“Алып бер!”- деп кыйнаган;
оюнчуктун түрлөрүн
опсуз арбын жыйнаган,
чачып салып аларды,
ойноп бүтсө жыйбаган.

Жерге уруп сындырган,
тилди укпай чыр кылган.
“Алып бер!”- деп жаңысын
ата-энеге ый кылган,
Акматбекти карачы!--
Кармап жаман адаты:
“Дагы оюнчук алып бер”- деп
эси жокту карачы,
ыйлап жатат чамасы.

# ТАРТИП ЖАНА ТАЗАЛЫК

Кайра-кайра эскертип,
атам турат эстетип
«Колду жууп, тамак ич;
таза болсун ооздо – тиш…»
Тартип менен Тазалык
турсун күндө байкалып,
тарбияла өзүңдү
кулк-мүнөздү кайтарып;
аткарбаса аларды
адеп, тартип азайып
арбый берет каталык.
Аягында каласың –
“жаман бала” аталып.

# ЖАРДАМ СУРАП ЖАТПАЙБЫ

Курооз–тооктор койкоктоп
«Ку-ка-ре-ку» дегени:
«Аалы бизге келип кет,
жумурткадан алып кет,
сууну, жемди берип кет»
деп чакырып атпайбы,
жардам сурап жатпайбы!



# ЭС КИРҮҮ

Оозду байкап турамын,
ар бир сөздү угамын.
Баягыдан сак болуп
бара жатат кулагым.
Укпай койгон кездерде,
же каталык кеткенде,
апам, атам тилдесе,
өкүнөмүн далайга
өз башыма жеткенде.

Эс токтотуп жүр десе,
кайра-кайра ойлоном
каталыкты сезгенде.

Ар бир бала абайлап
жаман менен жакшыны
ажыратып билбесе;
акылына илбесе,
элдин кеби сиңбесе,
эси жок бала болот дейт
кулакка сөз кирбесе.

# ЭГИЗ КЫЗ

Бермет эже ашыгып:
"Мейман келет!" – деп айтты,
кыздарына шашылып.

Алар карап турбады,
үйдүн ичин жайгарып
экөө бирдей тынбады.

Нуржан кести кесмени,
жая салып тасмалды
Айжан андан тездеди.



Конок камын бүтүрдү,
ойлогону ишке ашып,
ойдогудай күтүндү.

Эргийт эне кубанып,
калган тура бул кезде
колу-буту узарып.

Ишкер экен кыздары.
Эгиздерин кучактап
экөөн бирдей жыттады.

## ЧАКЫРАМ

Атам мага айткандай
«элпектигин» жактырам.
«Оозум» оңой иш кылбайт
тамак ичем, кыйкырам.
«Оозум» менен досумду
ойнойлу деп чыкырам.

# КӨЛГӨ БАРГАНДА

Көлгө барып эс алам
сууга түшүп жайында.
Итим, мышык, тоокторум
тосуп алат айылда.
Мышык – үйдө, ит болсо
жашаса да эшикте;
ит-мышыгым урушат,
бир-бирине кезиксе.
Бирок менин жанымда
ырылдашпай, чырдашпай
мени байкап турушат,
тамак берип дос кылгам
бүт созүмдү угушат.



# ЭМИЛ ООРУП КАЛЫПТЫР

Жөндөп тамак ичпеген,
көңүлү жок иш менен;
үйдөн чыкпай үңүлүп,
телевизор тиктеген,
өз кийимин жыйбаган;
Эмил эрке, эң жалкоо
эч бир жумуш кылбаган.
Анын жаман адаты:
кыйынсынып ар кимди
кыйраткансып сындаган.

Көп билем деп болжогон,
кечке чейин козголбой
компьютерде ойногон;
ден соолукту сакташты
элес алып койбогон--
Эмил ооруп калыптыр!
Ата-энесин соз укпай
убарага салыптыр.

# ЭРГИЙТ ТООГО ЧЫККАНДА

«Түрс-түрс» кагат «жүрөгүм».
«Кан» айлансын бачым деп,
дайым чуркап жүрөмүн.
Капаланбай, күлөмүн.
Эргийт тоөго чыкканда
эмнегедир «жүрөгүм»!



# КӨРҮП АЛ

Дүкөндү Дүйшөн акмалап
унутуп коет башкасын.
"Сникерс", "Чипсы", "Дирол" деп,
"Кола" ичип, таттуу жеп
төйгон кези аз экен;
түгөткөнгө маш экен
апасынын акчасын.

Бирдеме сатып бербесе,
билишет Дүйшөн дүкөндөн
башка жакка баспасын.

"Алып бергиң",- дей берип,
таттууну такай жей берип,
тиштери текши бузулду...

Көрмөк бала ушуну.
Отуз эки тиши ооруп
онтоп жаткан учуру.

49400-45


# ЧОҢ АТАМДЫН КҮЛҮКТӨРҮ

Акун атам чоң саяпкер –
күлүк таптайт ар качан.
Майрам сайын жеңип келет,
баш байгеден калбастан.

Ат чабышта биздин айыл
бир жан калбай барабыз,
чоң атамдын күлүктөрүн
чогу сүрөп алабыз.

Кубанабыз, шаттанабыз,
бүт айылдын балдары.
Күлүктөрү чоң атамдын
билбейт артта калганды!





Кулунунан тандап алып
маңдайына шам жагат.
Тай кезинен таптап жүрүп,
кунанынан байге алат.

Кер кашкадан мен быйыл,
чогу таптап тер алам.
Бүткүл айыл сүрөп турат,
чоң майрамда мен чабам!



# ӨЗ КӨЗҮМДҮ ТААНЫДЫМ

Ильяс деп аташып
көрсөткөндө өзүмдү
атын жаттап, так билип
таанып алдым көзүмдү.



***

Көздү жумсам – караңгы.
Көзүмдү ачсам – жапжарык.
Көрсө көзүм экөөнү
турат экен башкарып.



# ТОПКО ОКШОЙТ КУРСАГЫМ

Тойо тамак ичкенде
торсоюп да, борсоюп
топко окшойт курсагым.
«Курсакта топ” түшсүн деп
келсе дагы чуркагым,
жата калсам бир азга
дароо келет уктагым.



# КЕСИБИ КАЙСЫ?

Майрам байкем сүротчү.
Аңдып турат тартсам деп
ар бир келген мүнөттү.

«Баба дыйкан» - Бактыбек,
олтурса да, турса да
ала жүрөт күрөктү.

Врач эжем Замира,
Ооруганды сакайтат,
тыңшап көрүп жүрөктү.

А чоң энем ар убак
ак пейилден сүйлөшөт;
ар нерсени шашылбай
билип ал деп үйрөтөт.

# ТЕНТЕКТИГИН КАРМАТСА

Башым, мына, тегерек.
Четте сүйрү кулагым,
тентектигин карматса
сөз укпаган чунагым,
ай, кулагым, кулагым!



# КЕМЕЛ

Кемел быйыл алтыда.
“Окуйм!” – деди бир күнү,
жарыялап жалпыга.

Ата-энеси кубанды.
Асынуучу сумканы
алып беришти суранды.

Китеп, киймин тактады.
Тамгалардын түрлөрүн
жаңы биле баштады.

Оюн деген азайды.
Эжекесин угат да,
моюн деген тазарды.

Тартып көрдү сүрөттү,
канча калды окууга,
дагы канча күн өттү?

Кемел, Акмат, Баялы –
дешти алар: “Мектепке
эртең бирге баралы”.

Жүрөк кагат лакылдап.
Окуй турган күн улам
келатпайбы жакындап!

Сентябрь да жаңырды.
Алар үчүн мектептин
коңгуроосу кагылды!



# АТАМДЫ КҮТӨ БЕРЕМ

Ишинен бат келсе деп
күтө берем атамды,
ал анткени кубантат;
уулум билип алгың деп
улам жаңы нерсени
үйрөткөндү улантат
атам жоюп капамды.



# АПА, АПА МЕН ДАГЫ

- Ай каралдым, Аскарым,
күн ысыкта көшөрүп;
издеп таппайм жанатан,
күрөкчөңдү көтөрүп,
кайда жүрдүң баятан?

- Кошунабыз Салмөорбек,
бак дарагын сугарды.
Апа, апа мен дагы
көчөтүмө суу байлап
буруп келдим жыганды!

-Аракетиң жакшы,- деп
апакеси кубанды.

# АЧУУМ КАЙДА?

«Ачуум» кайда экенин
алигиче билмеймин;
кийимимди кийбеймин,
эч кимге баш ийбеймин.
Ачуум келсе жиндеймин!
«Ачуум» тарап кеткенде,
«уятымды» сезгенде
кээде өзүмдү тилдеймин.



## БИР ДАЛАЙГА

«Көзүм ыйлаак" баламын,
бир аз уктап аламын.
Уйкум калса жазылбай,
кабак-кашым ачылбай,
бир далайга басылбай
убарага саламын;
анан барып алаксып
жарк дей түшөт кабагым –
апам элге айткандай
мен ушундай баламын.

## САНАТ ҮЙРӨНҮҮ

Асман бети жылдыздарга
толгон жайнап баятан.
Улам неге жаңыламын,
туура чыкпайт санасам...
Ондон ашпай койгон менен,
бирок арбын карасам.



# КЕРИМБЕКТИН КҮЧҮГҮ

Кең жайлоого Керимбек
кол-бутуна оролгон
кенедей ит апкелди
кепесинде торолгон.

Тармалдашып жүндөрү,
кызык экен үргөнү.
Ээрчип кечке Керимди
жүргөн дей бер жүргөнү.

Кезүү келсе Керимбек,
китеп алып колуна,
окуп жатса, кандеги
түшүнгөндөй оюна
кечке чейин кайтарып,
ээлик болот коюна.

Күлмөк түгүл эми биз,
суктанабыз итине!
Баарыдан да, дегеле,
ынагын айт, кишиге!





Инв. № 2891

## ЭКИ КОЛУ ӨТӨ ШОК

Кичик-кичик кезимде,
Аалы ушундай бөлчу деп
ар убакта апамдын
айткан сөзү эсимде:
«Турса тыным албаган,
чарчабаган, талбаган,
көрүнгөндү кармаган,
эки колу өтө шок;
күнү-түнү тыным жок
топө, ташпы, не көрсө
оозго салып  аймаган;
кайда жүрсо кайтарып,
мен артынан калбагам.
Аман жүрсөң болгону
карааныңдан айланам…»

## КАШЫМ ӨССҮН

Жашырса да башымды,
жайнап чыккан тез эле
жакшы көрөм чачымды.
Суудан куюп, сугарып
чачым өңдүү тез эле
өстүрсөм дейм кашымды.

## КИМ ЖАКШЫ?

Эмил элпек бала дейт,
бүйрөлүгүн кара дейт.
Шамил ишке шамдагай,
бирок иши чала дейт.

Асыл абдан боорукер,
Жаңыл болсо жароокер,
Светлана таза кыз,
Кулк-мүнөзүн балдардын
таразалап жатабыз.

Чырга жакын Шераалы,
Ыйга жакын Бегалы,
Эң эле бир эмгекчил
балбан бала Эраалы.

Ойногондон башканы
ойлобогон бала го
Ормонбектин Шабданы.
Ушакчы деп айтышат
узун бойлуу Батманы.

Аткарылат ар качан
Аскарбектин айтканы.
Кими жөнтөк, ким тентек
айылдагы балдарды,
ар ким баалай баштады.

## “КӨҢҮЛ” ЭМНЕ?

Апам айткан ар сөздү
эстегенди билемин.
Атам такай айткандай
«көңүлүмө» илемин.
«Көңүл» эмне экенин
даана билбей жүрөмүн.

# ТАРГЫЛ УЛАК

Гүлай эжем жем берген,
Таргыл улак жанагы:
“Кичи момпо” дегенсип,
келип колум жалады.

- Колду жалап сураанчак,
Кандай неме ал чунак?
Мүмкүн болуп жүрбосүн,
момпосуйга сен өңдүү,
эч тойбогон сугалак.



## ЫЙЛАП ЖАТАТ

Кой, жылкыны удургутуп,
оюн салып чуркаса, –
тентек сары тайлакты,
айдап салдым коо жакка.
Ыйлап жатат озондоп,
таарындыбы, ия, апа?

## ҮШҮЙ ТҮШСӨМ

«Дем алууга керек» деп
апам айткан «мурунду».
Үшүй түшсөм эмнеге
«мурундан» суу куюлду?

# АТ ЧАБЫШ

Берки жолчо түзөңдө
ойдолотуп "аттарын",
тизгин колдо карышып,
балдар катуу жарышып,
кара, келе жатканын!

Арыш керген чабыгын
буруулуштан токтотуп:
"Ачка тура атым" – деп,
артта калган Басылбек,
жаңы кирди "оттотуп".





# БӨБӨКТӨРДҮН СУРООСУ

Фотоаппарат, фотөаппарат,
өзү абдан кичине;
сүрөттөгү эң көп киши,
кантип кирген ичине?

## ЫЙЛАГАНЫ АЗАЙДЫ

Уктабайын десем да
кээде уктап каламын.
Улам сөздү түшүнүп
өзгөрүлүп, ойлонуп
өсүп жаткан баламын.

Ыйлаганым азайып,
ырдаганым көбөйүп
ата-энеме жагамын,
айткан тилин аламын.
Ыйлагандан кутулуп
ырчы болуу талабым!

## КЕЛДИБЕК

Шаарга келген Келдибек
шар жооп айтат, садага:
“Троллейбусту эки зым
кое бербейт, анткени
адашат деп калаада”.

# МАТЕМАТИК

Кийин билди “экини”,
ага чейин “бир” деди.
“Бир дегенди берекем
эң оболу бил” – деди.
Анда Марат: “Бий!” – деди.

“Үчтү”, “төрттү” санады,
“бешке” чейин билгенде,
даана ачылып кабагы –
кайра-кайра кудуңдап,
кайра-кайра мулуңдап,
кечке дейре санады.

Биздин Марат бир кезде
араң билсе “экини”,
адаштырбай айталат
азыр “алты”, “жетини”,
“сегиз” жана “төгузду”.
“Математик Марат!” – деп,
жалаң “бешти алат – деп
көтөрө чаап коюшту.

“Онго” чейин билгенде
суроо туулду эң кыйын!
“Он тыйын” деп бергени
санай калса “бир тыйын”.
“Бир тыйындын онуна
бир он тыйын барабар...” –
десе, билбей Мараттын
эки көзү алайып,
“барабарды” түшүнбөй
жаткандыгын караңар!



# БАКТЕК

Бактыбектин бактеги
калган белем аз жеми.
Терезени каккылап,
айткансыды: “Бас
бери...”

Шапа-шупа кийинип,
сыртка чыкса жүгүрүп,
бактектери колуна
коно калды сүйүнүп.



Кайра тактап санады,
канаттарын тарады.
Бактектерин Бактыбек
бактылуудай карады.

Кушу конуп турганда,
кызыгышып эл корду.
Кочушуна толтуруп
колу менен жем берди.

Бактектери  андан соң
канат жайып учканда, -
өзү кошо учкандай
өрөпкүдү куштарга!

# ТӨӨ ЖАНА ТҮЛКҮ
## (Жомок)
## (Балкар акыны Абдуллах Бегиевден)

Тээ илгертен, балдарым,
төөлөр жайлап жүрчү экен
бул өрөөндүн аймагын.

Өрөөн толуп гүлдөргө,
Өзүнчө оттоп бул жерде
бир төө жалгыз жүргөндө,
көзүн салып көрүптүр
түлкү жетип келиптир.

- Кайдан жүргөн немесиң?
Көргүлүктү көрөсүң!
Жер меники, ылдам кет
чалдыкпагын көзгө, - деп,
каны кызып кыйкырып,
кайран түлкү айтты кеп,
каласың деп таяк жеп!
- Бу каяктан сенин жериң?
Кур кыялга семирбегин!
Кыйынсынып элирбегин!



Курулай эле болбо күлкү!
Алдастап жолго түштү,
алдамчы, доочу түлкү.
Ач болуп араң турган
бөрүнү издеп тапты.
Шыйпаңдап, жайдарланып,
кууланып сөзүн айтты:
-Не жорук, бөрү берен,
ач бойдон калат деген!
Төө жүрөт кең жайыкта
өркөчү майлуу белем.
Тур, бачым, эринбегин,
ачкарын керилбегин.
Чыр баштап, доочу түшөм
сен өзүң калыс болуп:
“Түлкүнүн жери!”- дегиң.

Ач бөрү көңүлү жай:
-Ап, бали, оозума май! –
деди да, түлкүнү ээрчип,
жөнөдү төөнү карай.

Каадалуу калыс карап,
Какеңдин айткан кеби:



Эзелтен ушул аймак
түлкүнүн менчик жери!

Жарайбы бул кылганың,
жөн жүрбөй, бузуп кирип,
бирөөнүн жерин тепсеп,
жойлопсуң өзүң билип!

-Түлкүнүн жери деген
кебиңиз болсо калыс,
чекилик кетсе менден
оттоюн барып алыс.
Бирөөнүн ырыскысын,
жарабайт талашканым;
байкабай адашкамын...
Деди төө, бүркүп жерге
оозунда чайнаганын.

Түлкүнүн, карышкырдын
түшүнүп айла-амалын,
шек бербей, токтоо кармап,
бөрүгө оозун ачты:
-Чөп жокпу, көрчү, тапчы? –
акырын аларды алдап,

карышкыр камынгыча,
каарданып чамынгыча,
этине көк серектин
төө тиши терең батты.
Катылып капаат болгон
карышкыр жерде жатты.

-Ушуну көрүш үчүн,
келген деп өлүш үчүн, –
жалтанып мылжың күлө,
жалган деп мындай күбө,
"дыр" коюп, түлкү качты
бөрүгө коюп күнөө.

Балдарым, андан бери
катылбайт төөгө бөрү.
Төө көрсө – жаны чыгат;
түлкү да коркуп турат.
Жем издеп аргасы жок
Жер безип тирлик кылат.



# КАМЧЫБЕКТИН КУНАНЫ

Күйгөн шамдай кулагы,
Камчыбектин кунаны.
Чапкан сайын жеткирбей
чыгып турган убагы.

Таштак жолдо тизилип,
тай чабымга жарышты.
Камчыбекке канчалар,
караандабай калышты.

Аңдабаптыр сыягы,
(аны бала туябы).
Мүдүрүлүп, мүңкүрөп,
ташыркаптыр туягы.



Аксап калды куналы,
анын кимге убалы?..
Кабак ачпай Камчыбек
каржал тарткан убагы.

Айылдагы усталар
чактап така жасады:
“Жаш баланын зардалын
зарыктырбай басалы...”


Тикчиң этип кулагы,
байкуш, кара, куналы!
Кишилерден жыйылган
коркуп турган убагы.

Уста темир жыттанып,
балка, така, мыкты алып –
туягына кунандын
кирди, мына, мык кагып!

Ыйлай албай, күлө албай,
сөзгө кулак түрө албай –
карбаластайт Камчыбек
не кылаарын биле албай.

Кунанына ыктады,
маңдайынан жыттады.
Такалашып бүткөнчө
эки жакка чыкпады.

Ага үйүр кунаны
аксаганын коюптур.
Азыр накта жарыштан
аша турган болуптур!



# КЕЖИРЛИКТЕН КУТУЛСАМ

Күндөн күнгө торолуп,
күндөн күнгө оңолуп,
жакшы жагым көбөйүп,
жаман жагым жуголоп
кемчилигим азайып,
кежирликтен кутулсам,
кетпейт менден каталык!
Келдибектей мен дагы
Калсам деймин айылга
элпек бала аталып.



# АЙДАРААЛЫ



Айдараалы жөргөлөк,
айдаганы дөңгөлөк.
Зоога чыгып баратат
жанталашып өйдөлөп.
Кайра келди шашылып,
каадасынча ашыгып.
Барат ана жөргөлөп,
кийимдери тытылып,
кирдеп бүткөн өңдөнөт.
Сойлоп жетип темирге
калды кагып, тепкилеп.
Атчан адам селт этти, -
эмне болуп кетти деп.
Торпокторду үркүттү,
төөктөрду чүнчүттү.
Уясына көл салып,
жумурткасын алды да,
чөнтөгүнө  салды да
кирип кетти култ этип,
көпүрөнүн алдына.



Кайран берен гаражды,
кайсалады, жойлоду:
улуп-жулуп, чыгарып,
бурамадан койбоду.
Аттап өтүп коруктан
алма бакка асылды.
Ала дөбөт ажылдап
Айдакеңди качырды.
Же алмадан үзө албай,
же дарактан түшө албай,
эми арманы ашынды!
Сурайт окшойт Айдаке,
эми дөбөт жашыңды!
Кеч киргенче далай бар
ойлонто көр башыңды!





# ЖАЙЛООДО

Күн зоокага батыр барып,
күйүп-жанып токтолот.
Делбиреген боз булуттар
кечте кызыл чок болот.

Койду кайрып, айыл жакка
балдар келет жарышып.
Бул убакта жылкычылар
кулундарын агытып...

...Боз үйлөрдөн түтүн булайт.
Жаш саамалды бышып болуп,
эми жеңем от тамызат,
кечки сааны саап коюп.

Айыл тынчыйт акырындап,
түнгө тоолор багынат.
Таштан таяк жеген суулар
күкүрттөнүп чамынат.

Бөбөк чырдайт эмчек сурап,
бешик термеп коем улам...
Сансыз жылдыз чогу угат
чоң атамдын жомогунан.



# МАЗМУНУ


Таанышуу....................3
Апам жакшы баарынан....................4
Тырмагыма арданып....................5
Балбан....................6
Акматбектин жосуну....................8
Тартип жана тазалык....................9
Жардам сурап жатпайбы....................10
Эс кирүү....................11
Эгиз кыз....................12
Чакырам....................13
Көлгө барганда....................14
Эмил ооруп калыптыр....................15
Эргийт тоого чыкканда....................16
Көрүп ал....................17
Чоң атамдын күлүктөрү....................18
Өз көзүмдү тааныдым....................20
Топко окшойт курсагым....................21
Кесиби кайсы?....................22
Тентектигин карматса....................23
Кемел....................24
Атамды күтө берем....................26
Апа, апа мен дагы....................27
Ачуум кайда?....................28
Бир далайга....................29
Санат үйрөнүү....................29
Керимбектин күчүгү....................30

Эки колу өтө шок ....................................................32
Кашым өссүн ...........................................................32
Ким жакшы? .............................................................33
“Көңүл” эмне? ..........................................................34
Таргыл улак..............................................................35
Ыйлап жатат ............................................................36
Үшүй түшсөм ...........................................................36
Ат чабыш ..................................................................37
Бөбоктөрдүн суроосу ..................................................38
Ыйлаганы азайды.......................................................39
Келдибек ..................................................................39
Математик................................................................40
Бактек .......................................................................42
Төө жана түлкү (жомок) ............................................44
Камчыбектин кунаны.................................................50
Кежирликтен кутулсам ..............................................53
Айдараалы ................................................................54
Жайлоодо ..................................................................56

КУТАДАМ